УДК 37.02(575.2)(04)

**Жамашева Г. З.**
филология илимдеринин кандидаты
*КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы*
*Тил жана адабияты институту*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТИЛДИК САЯСАТТЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Жамашева Г. З.**
кандидат филологических наук
*Институт языка и литературы*
*имени Ч.Айтматова НАН КР*

## СТАНОВЛЕНИЕ ЯЗЫКОВОЙ ПОЛИТИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Zhamasheva G. Z.**
Candidate of Philological Sciences
*Institute of Language and Literature*
*named after Ch. Aitmatov of the NAS KR*

## THE FORMALION OF LANGUAGE POLITICS IN THE KYRGYZ RESPUBLIC

**Аннотация.** Макала Кыргыз Республикасында тил саясатынын калыптанышына, аны шарттаган тышкы жана ички жагдайларга арналган. Тил саясатын өнүктүрүү боюнча көрүлгөн айрым чаралар каралган.

**Негизги сөздөр**: тилдик саясат, улуттук тил, дүйнөлүк тил, глобализация, тилдик жагдай, тил мыйзамы, тилдик пландаштыруу

**Аннотация.** Статья посвящена становлению языковой политики в Кыргызской Республике, внешним и внутренним условиям, обусловивших ее принятия. Рассматриваются некоторые меры, предпринятые для развития языковой политики.

**Ключевые слова**: языковая политика, национальный язык, мировой язык, глобализация, языковая ситуация, закон о языке, языковое планирование

**Annotation.** The article is devoted to the formation of language policy in the Kyrgyz Republic, the external and internal conditions that determined it. Some measures taken to develop language policy are considered.

**Key words**: language police, national language, world language, globalization , linguistic situation, language law, language planning

Кыргызстандын тарыхында XX кылым бүтүндөй жашоо турмуштун түп-тамырынан өзгөрүшүн, бир формациядан экинчиге, бир доордон экинчи доорго кескин өтүшүн баштан кечирген жана элдин тагдырын чечкен кылым болуп калды. Дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекеттердин бири болгон Советтер Союзунун курамында Кыргызстандын 70 жыл болуусу аны салттуу көчмөнчүлүктөн, турмуштун бардык чөйрөлөрү болуп көрбөгөндөй өнүккөн заманбап агрардык-өнөр жай мамлекетине айлантты. Кыргыз тили да чоң өнүгүүгө ээ болду, анын лексика фонду байыды, жаңы стилдер пайда болду, тил илими түптөлдү, адабий тил калыптана баштады. Албетте, ал жылдары кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча иш-чаралар саясий жана идеологиялык принциптердин алкагында өткөрүлгөн, жана белгилүү "ашачапкандыктар" да болду. Ошондой эле, дүйнө масштабында болуп жаткан тил процесстери бүтүндөй Советтер Союзунда да, анын ичинде Кыргызстандагы тил кырдаалына жана тил саясатынын өнүгүшүнө да таасир эткен маанилүү вектор болуп келди.

Өткөн кылымдын орто ченинен баштап дүйнөдөгү көп улуттук тилдер коoптуу абалга кабыла башташты. Эл аралык глобалдашуунун күчү менен кеңири тараган бир ууч Европа тилдери башка өлкө-лөрдө (айрыкча колония болгон жана метрополиянын тилин кабыл алган жер-лерде), өз таасирлерин жайып, тилдик процесстерди башка элдер арасында бир багытта бириктирүүгө

умтулган кырдаал түзүлдү. Дүйнөлүк деп аталган бул тилдер көп өлкөлөрдө улуттук тилдердин ордуна көбүрөөк колдонула баштады. Ошол эле учурда, бардык континенттердеги миңдеген улуттук тилдер дүйнөлүк лингвистикалык өнүгүүнүн артында калышты. Дүйнөлүк процесстин мындай тенденциясы көптөгөн улуттук тилдерге жана маданияттарга кооптуу экендиги талашсыз. Ал тургай, буга чейин улуттук идентүүлүктөн эч кам санабаган, маданияттары өнүккөн, бардык функциялары жогорку деңгээлге жеткен жана коммуникативдик инфраструктуралары толук кандуу камсыздалган Чыгыш жана Батыш Европа, Түндүк жана Түштүк Америка мамлекеттери айтылган глобализациянын терс таасирлерин сезе баштады. "Глобализациянын тили" деген атка конгон англис тили дүйнө жүзүнүн баардык булунбурчуна чейин жайылып, көп жерлерде жергиликтүү тилдерди сүрүп чыга баштады. Бул көрүнүш айрыкча мурун Улуу Британияга колония болгон жана англис тилин расмий тил катары алган өлкөлөрүнө мүнөздүү болгон. Ал тургай, тарыхый мезгилдерде чоочун тилдерди колдонуп көрбөгөн Жапон, Корея, Италия, Франция жана көптөгөн башка өлкөлөрдө жергиликтүү тилдер англис тилинин жана жалпы "вестернизация", "американизациянын" катуу таасирине кабылууда.

Колониалдык системанын кыйрашы менен ондогон, жүздөгөн мамлекеттер эгемендикке жетип көз каранды эмес өлкөлөрдүн катарына кошулушту. Тарыхый фактылар көрсөткөндөй, алардын бардыгы эң алгач улуттук идентүүлүгүн чыңдоого колдорунан келишинче аракет кылууга киришишти. Бул көрүнүш көбүнчө Азия жана Африка мамлекеттерине таандык (ал тургай бул катарга мурунку СССРдин улуттук республикаларын да кошууга болот).

Аз сандуу улуттардын тилдери, ошондой эле мезгилдин талабына ылайык деңгээлде өнүгө албаган жана бул себептен улам коом үчүн тийиштүү коммуникативдик функцияларын аткара албай калган тилдер коркунучтуу мүнөздө жоголо баштаган. ЮНЕСКО уюмунун маалыматы боюнча ар бир эки жума аралыгында дүйнө жү-зүндө бир тил жоголот экен. "Дүйнө тилдеринин атласы" көрсөткөндөй азыркы 7 миңге жакын тилдин жарымы жоголуу коркунучунун алдында турат. 5 миң тилде 100миңге жетпеген адам сүйлөйт экен, ал эми 1500 тилде сүйлөгөндөрдүн саны бир миңге жетпей, көпчүлүгү улгайгандар[1].

Дагы бир тилдик жагдай – бул бир чөйрөдө ар башка эки же андан көп тилдердин кошо колдонулушу "аралашма" тилдердин пайда болушун алып келген. Пиджин, креол тилдери, макароник диалектилер улуттук тилдердин ордун ээлей баштаган. Кээбир жерлерде алар расмий түрдө мамлекеттик тил функцияларын аткарып калган. Мындан тышкары жер-жерлерде тилдердин варианттары пайда болууда, мисалы, "франглез" француз-англис тилдеринин кошулмасы, "испанглиз" – испан-англис тили, "хинглиш" – хинди-англис тили ж.б. ушул сыяктуу гибрид тилдер.

Улуттук тилдерге, маданияттарга, салттуу аң-сезимдерге, дегеле улуттук идентүүлүккө болуп жаткан коркунучтарга каршы, улуттук өзгөчөлүктөрдүн жалпы "глобализация" тегирменинде жанчылып жок болушуна жол бербөө үчүн улуттук элиталар, көрүнүктүү инсандар, коомдук уюмдар аракет кылууда. Ошондой эле, бир катар эл аралык уюмдар дагы бул жаатта иш жүргүзүүдө. Мисал үчүн, биринчилерден болуп 1950-жылы кабыл алынган Европа Кеңешинин "Адам укуктарын жана эркиндигин сактоо боюнча конвенцияда" башка укуктар менен катар тил укуктары жөнүндө да айтылган[2].

1992-жылы Европа Кеңешинин "Жергиликтүү тилдер жана аз сандагы элдердин тилдери жөнүндөгү хартия"; 1994-жылы кабыл алынган "Тил укуктарынын универсалдык декларациясы", 1996-жылы Бириккен Улуттар Уюму тарабынан конвенция катары кабыл алынган; 1993-жылды БУУнун Генералдык ассамблеясы "Жергиликтүү элдердин эл аралык жылы" деп жарыялаган., ж.б.у.с. чаралар көрүлүүдө.

[1] *UNESCO Red Book of Endangered Languages*

[2] *Всемирная Декларация лингвистических прав Всемирная Декларация коллективных прав народов (Барселона, май 1990). Элдердин жамааттык укуктарынын жалпы декларациясы. Барселона, 1990-жыл, май. "Бардык элдер өз маданияттарын, тилдерин жана жашоо эрежелерин колдонууга жана өнүктүрүүгө укуктуу. Буга байланыштуу өз алдынча саясий, билим берүү, коммуникация жана мамлекеттик түзүлүштөрдү колдонууга укуктуу" деп жарыялаган.*

Тилдер жаатында болуп жаткан өзгөрүүлөр, жаңыдан пайда болгон кубулуштар тил илимине өз таасирин тийгизбей койгон жок. Өткөн кылымдын орто ченинен баштап илимде социолингвистика багытына өзгөчө маани бериле баштады.

Бул илимдин учурдагы максаты – тилдик жагдайларды изилдөө аркылуу тилдерди сактоого багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу. Алардын ичинде өкмөттөр тарабынан жүргүзүлө турган атайын иш-чараларга, б.а. мамлекеттердин тилдик саясатына өзгөчө маани берилет.

Орус окумуштуусу Никольскийдин аныктамасында: "Тил саясаты бул – тилдин абалын сактоо же өзгөртүү, лингвистикалык нормаларды турукташтыруу же өзгөртүү үчүн мамлекет, коом, партия тарабынан көрүлүп жаткан чаралардын тутуму"[3].

Казакстандын социолингвисти Э. Сулейменова тилдик саясатка төмөнкүдөй аныктама берет: "Тил саясаты – бул улуттук, социалдык жана маданий саясаттын курамдык бөлүгү; коомдогу тилдин мамилелерин жөнгө салуу менен байланышкан мамлекеттин иш чөйрөсү (бүткүл коомдун кызыкчылыктарына тиешеси бар жана бардык жарандар үчүн милдеттүү болгон чечимдерди талап кылган).

Тил саясаты коомдун тилдик мамилелерин өнүктүрүүдөгү стратегиялык багытты көрсөтөт, адатта Конституцияда жана атайын улуттук программаларда белгиленет. Тил саясатынын негизинде, башка саясаттардагыдай эле, бийлик, ага жетүү, түзүү жана колдонуу маселелери турат"[4].

Тил саясаты тилди пландаштыруу аркылуу ишке ашат. Тилдик пландаштыруунун негизги 2 багыты: 1) статусту пландаштыруу, б. а. мыйзамдар, өкмөттүк токтомдор, расмий жазма эскертүүлөр, ж. б. у. с. расмий акциялар, 2) экинчи багыт – бул тил корпусун өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралар. Буга китеп чыгаруу, окутуу боюнча методикаларды иштеп чыгуу, котормо кызматын уюштуруу, маданий структураларды өнүктүрүү, б. а. тилге тиешелүү инфраструктураларды жаратуу жана аларга мамлекеттик колдоо көрсөтүү кирет. Мындай көлөмдүү жана татаал маселелерди чечүү үчүн атайын мамлекеттик структураларды уюштуруу – бул дагы өкмөттүн милдети.

Кыргызстанда мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам 1989-жылдын 23- сентябрында парламенттин (ал кездеги "советтин") 10-кезексиз сессиясында кабыл алынган. Кириш сөздө: "лениндик улуттук саясатынын принциптерин бурмалоонун кесепетинен кыргыз тилинин коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык сфераларында чектелишине каршы кабыл алынган" деп жазылган.

Айта кетүүчү нерсе, Советтер Союзунда өкүм сүргөн улуттук саясаттын кесепетине жана руссификацияга каршы маанай эл арасында өз чегине жетип, күчтүү улуттук аң-сезимдерди ойготкон. 80-чи жылдары ар түрдүү саясий уюмдар жана партиялар пайда боло баштаган. Улуттук кайра жаралуу (возрождение) духунда саясий партиялар жана бирикмелер пайда болду, алардын программаларында өлкөнү өнүктүрүү жана анын көз карандысыздыгын бекемдөө үчүн негизги багыттардын бири болуп, мамлекеттик тилди жана өлкөдөгү башка улуттук тилдерди ар тараптан колдоо жазылган[5].

Кайра куруу мезгилинде пайда болгон "Асаба", ДДК, "Ашар" сыяктуу партиялар жана Кыргызстандан сырткары уюштурулган Москва шаарында "Акыйкат", Ленинград ш. "Ак-кеме" сыяктуу жердештик уюмдардын негизги максаты - улуттук жандандыруу

*[3]Никольский Л.Б. Синхронная социолингвистика. М., 1976, с.110 "Языковая политика это система мер, принимаемых государством, обществом, партией для сохранения или изменения языковой ситуации, для стабилизации или изменения существующих лингвистических норм"*

*[4]Сулейменова Э.Д., Смагулова Ж.С. Языковая ситуация и языковое планирование в Казахстане. Алматы, «Казак университети. 2005, 115 б. Языковая политика – составная часть национальной, социальной и культурной политики; сфера деятельности государства, связанная с регулированием языковых отношений в обществе (тех, которые затрагивают интересы всего общества и требуют обязательных для всех граждан решений). Языковая политика указывает стратегический курс в развитии языковых отношений общества, обычно закрепляется в Конституции и специальных национальных программах. В центре языковой политики, как и любой другой политики, стоят проблемы власти, ее обретения, устройства и использования*

*[5]Ибраимов Т.Р., Искакова Г.Т. Кыргызстандын саясий партиялары. Маалымдама, Бишкек, АООТ "эркин Тоо", 2000*

багытын көздөп келишкен. Айтор, биринчи мыйзам өтө курч саясий жагдайда Совет мезгилинде кабыл алынып, бир тараптан советтик идеологияны эске алуу менен түзүлгөн болчу. Ошондой болсо дагы бул мыйзам кыргыз тилинин статусун көтөрүүгө жана жалпы улуттук саясатка жаңы багыт берүүгө негиз түздү.

Көп өтпөй кайра куруудан кийин, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетип, Тил мыйзамы кайрадан каралып чыккан. 1991-жылы анын жаңы редакциясы кабыл алынып, мамлекеттин аталышынан баштап, кыргыз жана орус тилдердин функцияларына чейин бир топ өзгөрүүлөр киргизилди. Эки редакциянын мазмундары коомдук-саясий кырдаалдын өзгөрүшүн күзгүдөй чагылдырды деп айтсак болот. Андан бери Тил мыйзамдын экинчи редакциясы көп өзгөргөн жок, бүгүнкү күнгө чейин негизинен ошол калыбында келе жатат.

Тил мыйзамын аткаруу үчүн ал кабыл алынган күнү эле (1989-ж. 23-сентябры) КирССР Верховный Со-ветинин токтому чыккан. Ал "Кыргыз ССРинин Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамынын ишке ашыруу ирети жөнүндө" деп аталган. Токтом боюнча мыйзам 1989-жылдын 1-октябрынан баштап күчкө кирип, өкмөт бийлиги жана башкаруу органдарында, мекеме-уюмдарда, өндүрүштө он жыл ичинде (1989-1999) иш-кагаздар мамлекеттик жана орус, же башка керектүү тилде жүргүзүлүшү, 1999-жылдын 1-январынан баштап, тийиштүү шарт түзүлгөндөн кийин, мамлекеттик кыргыз тилинде жүргүзүлүшү жөнүндө жазылган. Ошондой эле, токтомдо "мамлекет бийлигинин, коомдук жана кооперативдик уюмдардын жетекчилери жана кызматкерлери, укук коргоочу, эл агартуу, саламаттыкты сактоо, маданият, байланыш, транспорт, соода, күнүмдүк турмушту тейлөө органдарынын, дегеле жарандар менен иштеген кызматкерлер эң алгач мамлекеттик тилди билиши керек" деп жазылган.

1990-жылдан баштап Министрлер Совети тарабынан "Мамлекеттин социалдык жана экономикалык өнүгүү планына" Тил мыйзамын ишке ашыруу үчүн каражат бөлүү боюнча атайын статья киргизилген.

Баардыгыбыздын эсибизде, 90-жылдары кыргыз тилин көтөрүү үчүн бир топ аракеттер жасалып, эл арасында патриоттук маанай өтө күчтүү болгон. Жер-жерлерде башка улуттардын өкүлдөрүн кыргызча сүйлөтүш үчүн өндүрүштөрдө, окуу жайларда, мекемелерде тил үйрөтүүчү курстар ачылып, болгон филологдор бул масштабдуу иш-чарага тартылган эле. Буга мамлекеттин көп каражаты сарпталган болчу. Кийин акырын-акырын 2-3 жылдын ичинде бул демилге унутулду. Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды ишке ашыруу үчүн объективдик да, субъективдик да шарт белгилүү деңгээлде бар экенине карабастан, Тил мыйзамынын 35 жылдыгын белгилеп жатып, бүгүн байкасак тилдик жагдай, тилдердин функцияларынын өнүктүрүү, кабыл алынган программалык документтерге ылайык эмес экенин, бул иш айрым багыттар боюнча гана жүрүп жатканын, тилдик жагдай болсо көп деле өзгөрбөгөнүн, өткөрүлүп жаткан тил саясат бир гана статустук пландаштыруу боюнча жасалган аракеттер, тилдин корпусун өнүктүрүү боюнча аракеттер жетиштүү деңгээлде көрүлбөй жатканын көрөбүз.

Кандайдыр бир мыйзамды кабыл алууга чейин, аны ишке ашыра турган мүмкүнчүлүктөргө, шарттарга баа берип, ага ылайыктап, иш жүзүндө аны аткаруу планын кабыл алуу керек. Эмесе мыйзамдар куру кыял болуп иштебей калганына өзүбүз күбө болуп турабыз.

Кыргыз тилинин бүгүнкү абалы, эртеңки тагдыры ар бир атуулду, ар бир кыргызды кош көңүл калтырбайт.

Ал жагдай көңүлдөгүдөй болбой жатканы бардыгын эле капалантат. Себебин издегенде, адатынча, орусча сүйлөгөндөрдү күнөөлөйбүз. Бирок себеп башкада. Расмий иштерди жүргүзүүдө болобу, илим жана техника болобу, тышкы байланыштар болобу – бул жана башка кээ бир чөйрөлөрдө бүгүнкү күнгө чейин орус тили кеңири колдонулууда. Бирок бул мыйзамченемдүү көрүнүш жана ага тарыхый объективдүү себептер бар. Кеңири деңгээлде бул кыргыз тилинин аталган функцияларынын алигиче калыптана электигин көрсөтүп турат. Негизги көйгөй башкада – тилди өнүктүрүү багытында керектүү жана конкреттүү иш-аракеттер жасалмай турмак, планда да жок экенинде. Мисалы, көп мекемелер "мамлекеттик органдарынын ишин кыргыз тилинде жүргүзүү" деген көп тараптуу, татаал маселени жөн гана иш кагаздарды орусчадан кыргызчага которгон «тил боюнча адис» деген штаттык бирдикти жумушка алуу менен гана чектеп коюшту. Жарандарга бардык тармактардагы кызматтар, ошондой эле жогорку сапаттагы окуу материалдар, сөздүктөр, жаңы адабияттар, башка тил-

дерден котормолор ж.б. кыргыз тилинде толук камсыз болушу керек. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында мамлекеттин жана адистердин милдеттери ушундай.

**Адабияттар:**


1. Алдашев А. Тил чарбасын колго алалы.//Советтик Кыргызстан, 9.09.1988-ж.;
2. Двуязычие: проблемы и суждения. Вопросы, ждущие решения//Советская Киргизия, 10.09.1988г.
3. Асанканов А. Становление кыргызской нации в годы Советской власти.//Кыргызы. Серия "Народы и культуры", Москва, 2016, сс.478-491.
4. Дешериев Ю.Д. Закономерности развития литературных языков народов СССР в советскую эпоху. – Москва, Наука, 1976.
5. Ибраимов Т.Р., Искакова Г.Т. Кыргызстандын саясий партиялары. Маалымдама, – Бишкек, АООТ "Эркин Тоо", 2000
6. Иванов-Смоленский Г. Уроки языка.//–Известия.27.10.1989;
7. Могучий фактор национально-языкового развития. – Фрунзе, Изд-во "Кыргызстан", 1981.
8. Никольский Л. Б. Синхронная социолингвистика. –М., 1976
9. Орузбаева Б. Кыргыз адабий тилинин негиз салынышын кээ бир өзгөчөлүктөрү жана тилдеги маданияттуулук үчүн күрөшүү маселесинин зарылчылыгы жөнүндө.// Кыргыз тил илими. Макалалар жыйнагы, 2-том. –Бишкек: КР УИАнын Басмаканасы, 2004. 31-38 бб.
10. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү жолундагы кедергилер. // Кыргыз тилилими. Макалалар жыйнагы, 2-том. – Бишкек: КР УИАнын Басмаканасы, 2004. 175-178 бб.
11. Сулейменова Э.Д., Смагулова Ж.С. Языковая ситуация и языковое планирование в Казахстане. – Алматы, «Казак университети». 2005
12. Шелике В. Расслышать друг друга.//Известия.16.06.88
13. UNESCO Red Book of Endangered Languages